УДК: 371. 37.036

**Бактыбекова Нурайым Бактыбековна**
магистрант факультета художественной культуры и образования КГУ им. И.Арабаева

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛ АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН МАҢЫЗЫ

# СУЩНОСТЬ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ ШКОЛЬНИКОВ

# ESSENCE OF CREATIVE ACTIVITY OF SCHOOLCHILDREN

**Аннотация:** Коомдогу өнүгүүнүн абалын талдоодо, өлкөдөгү коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр ойлонуунун жаңы түрүнө ээ болгон, жашоодогу көйгөйлөрдү стандарттык эмес жана эффективдүү чече алган жөндөмдүүлүгү бар инсандын коомго керектигин айгинелеп турат. Заманбап адамдан өз алдынча чечим кабыл ала алган, максат коюп, ага жете алган, тандоо абалында иштей алган билгичтиги талап кылынат. Муну менен байланыштуу билим берүү системасынын алдында чыгармачыл инсанды өнүктүрүү, окуучулардын активдүү жашоодогу позициясын тарбиялоо милдети турат.

**Аннотация:** Анализ ситуации общественного развития, социально-экономических преобразований в стране свидетельствует о наличии потребности общества в личности, обладающей новым типом мышления, способностью нестандартно и эффективно решать жизненные проблемы. От современного человека требуется умение действовать в ситуации выбора, ставить и достигать поставленные цели, принимать самостоятельные решения. В связи с этим перед системой образования стоит задача развития творческой личности, воспитания активной жизненной позиции обучающихся.

**Annotation:** The analysis of the situation of social development, socio-economic transformations in the country indicates the presence of a society's need for a person with a new type of thinking, the ability to solve life problems in a non-standard and effective way. From a modern person, the ability to act in a situation of choice, to set and achieve goals, to make independent decisions is required. In this regard, the educational system is faced with the task of developing a creative personality, fostering an active life position of students.

**Түйүндүү сөздөр:** Чыгармачылык, чыгармачылык активдүүлүк, ишмердүүлүк, кошумча билим берүү мекемелери, өнүгүү, тарбиялоо, инсан, окуучу.

**Ключевые слова:** Творчество, творческая активность, деятельность, дополнительные образовательные учреждения, развитие, воспитание, личность, школьник.

**Keywords:** Creativity, creative activity, activity, additional educational institutions, development, education, personality, schoolchild.

Өсүп келе жаткан муундун чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү идеялардын жана технологиялардын эффективдүүлүгүн жогорулатууда заманбап этаптагы билим берүүнүн модернизацияга багытталган инновациялык процесстери педагогикалык илимдин жана практиканын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу, анын мазмунунун ар түрдүү варианттарынын иштелип чыгышы менен коштолууда.

Дидактиканын психологиялык, педагогикалык жана практикалык проблемаларын түшүнүктөрүнүн синтезин чагылдырган педагогикалык илимдин түшүнүктөрү, аларды ар кайсы авторлордун изилдөөлөрүнүн предметине жараша ар түрдүү пикирлердин өңүтүндө

карап чыгуу мүнөздүү. Бул «чыгармачыл активдүүлүк» түшүнүгүнө да тиешелүү. Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдү талдоо аныктагандай, чыгармачыл активдүүлүгү өзү татаал түшүнүктү билдирет, анын мазмунун ачып берүү мүмкүн эмес, бир эле контексттен чыксак – индивиддин ишмердүүлүгү, даярдыгы, билгичтиги. Чыгармачыл активдүүлүгүнүн мааниси билимди бекем өздөштүрүп жана терең ойлонуштурууда гана эмес, ошондой эле инсандын турмуштук көз карашынын калыптануусунда.

Чыгармачылык активдүүлүктүн аспектин таалдоо изилдөөнүн призмасы аркылуу төмөнкү илимдер менен аныкталат: философия, психология, илимтаануу, кибернетика, маалыматтар теориясы, педагогика. Буларда, өзүнчө алып караганда, чыгармачылыктын төмөнкү түрлөрү белгиленет: илимий, педагогикалык, социалдык, көркөм. Мында айкындалгандай, чыгармачыл акт диалектиканын зарыл звеносу – субъективдүү чындыктын, идея-пландардын объективдүү чындыкка айлануусу, бул болсо чыгармачылыктын практикада гана болушу мүмкүндүгүнөн кабар берет, б.а. аны менен башталып, ошону менен аяктайт.

Чыгармачылык сөздүн кеңири маанисинде ал өзү ишмердүүлүктү түшүндүрөт, анын жүрүшүндө: 1) объективдүү чындыкта жок болгон объектилер жана кубулуштар калыптанат (куралдар, машиналар ж.б.); 2) адам тарабынан жаратылган материалдык жана рухий чыгармалар өнүгүп, андан ары өркүндөтүлөт; 3) болгон нерсенин субъективдүү кайра түзүүнүн методдору, формалары, каражаттары иштелип чыгат; 4) жаңы идеялар, теориялар, идеалдуу моделдер, руханий дөөлөттөр пайда болот. Чыгармачылык сөздүн кууш маанисинде – бул «ачылыш», «ойлоп табуучулук» менен байланыштырылган ишмердүүлүк, б.а. жаратуу – бул ачуу жана жаңыны пайда кылуу. Бирок чыныгы чыгармачыл, социалдык мааниге ээ продукт, сөзсүз реалдуулуктун элементтеринен «турат» [1].

Адабиятты талдоого кайрылсак, биз алдыбызга «чыгармачыл активдүүлүк» түшүнүгүн айкындоо сыяктуу ар кайсы изилдөөчүлөрдүн аныктамасы, анын функциялары, белгилери жана компоненттерин милдет кылып койдук. Ошентип, философия тарыхында чыгармачылыктын процессине жана чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүн аныктаган бир катар концепциялар бар. Мисалы, И. Кант жаңы билимди алуунун булагы жана каражаты катары ролду ойногон продуктивдүү ой-толгоодо көрүнгөн чыгармачылыктын маңызын эсептеген [1]. Логикалык концепциянын өкүлдөрү (Ф. Бэкон, Р. Декарт ж.б.) чыгармачылыкты баштапкы максаттардан билимди логикага чыгаруу процесси, ал эми таанып-билүү ишмердүүлүгүн – рационалдык операцияларга. Иррационализмдин тарапкерлери (К. Юнг, М.А. Блох ж.б.) чыгармачылык процессин аң-сезимсиз таанып-билүү деп, аны таанып-билүү мүмкүн эмес, рационалдык таанып-билүү менен дал келбейт деп белгилейт. Чыгармачылыкта интуитивизмди колдогондор (А. Пуанкаре, В. Оствальд, Г. Гельмгольц ж.б.) аны чыныгы интуитивдүү процесс, мээнин аң-сезимсиз ишмердүүлүгүгүн продуктусу деп табышкан, мисалга, алардын оюу боюнча, таанып-билүүнүн негизинде рационалдык эмес башат жатат. Бул нерсе көрсөткөндөй, философия адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн дүйнө таанымдык жагын, гносеологиялык жана жалпы методологиялык мүнөздөгү проблемаларды изилдейт. Анын компетенциясына төмөнкү проблемалар кирет, адамдын чыгармачылыгы жана чыгармачылык процессинин гносеологиялык спецификациясы, чыгармачылыгы жана практикасы, интуитивдүү жана дискурсивдүүнүн катышы, чыгармачылык ишмердүүлүктүн социомаданий детерминациясы, чыгармачылыктын жеке-гносеологиялык жана социологиялык деңгээлдеринин катышы ж.б. Чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн проблемаларын иштеп чыгууга тиешелүү болсо, анда философтор башка илимдердин натыйжаларына, аларды жалпылоого таянат [4].

Бул изилдөөнүн милдеттерине жараша биз окуучулардын чыгармачыл активдүүлүгүн психологиялык-педагогикалык проблемалары боюнча эмгектерди талдадык. Психологиялык жана педагогикалык илимдерде окуучулардын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча маанилүү теориялык жана практикалык материал топтолгон. Аларга: адамдын акыл-эс өнүгүүсүнүн жана чыгармачылык таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо проблемаларынын теориялык жана эксперименталдык иштеп чыгуу (Д.Б. Богоявленская, В.В. Давыдов, Л.В. Занков, Н.А. Менчинская, Б.Н. Пушкин, С.Л. Рубинштейн, Д.Б. Эльконин, ж.б.); чыгармачыл таанып-билүү активдүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн жалпы каражаттарын проблемалык окутуунун психологиялык-дидактикалык негиздеринин базасында куруу (В.Д. Дружинин, М.И. Махмутов, А.З. Рахимов, Я.А. Пономарев, Н. Ю. Посталюк ж.б.); акыл-эс аракеттеринин калыптануусунда багыттоо ишмердүүлүгүнүн ролу жана өздөштүрүү теориясы (С.Л. Выготский, П.Я. Гальперин, Н.Ф. Талызина, ж.б.) эмгектери кирет.

Традициялык окутууда эреже катары, чыгармачылык тапшырмалар окуучулардын калыптанып бүткөн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн диагноздоо каражаты болуп саналат. Бизди болсо, биринчиден, окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн атайын окутуунун таанып-билүү программалары, тапшырмаларынын жардамы менен педагог тарабынан максаттуу, башкарылган система аркылуу ошол жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүү, окуучулар ал тапшырмаларды аткаруу менен билимге гана кызыгуу пайда болбостон, аларды алуу жолдоруна, жаңы нерселерди издөө усулдарына пайда болушу кызыктырат [2].
А.Сент-Экзюпери туура белгилегендей: «Дүйнөдө ачылууга эч ким жардам бербей койгон адамдар абдан көп». Ошондуктан, биз таанып-билүү активдүүлүктү, чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү чыныгы педагогдордун милдети болуп саналат.

Бул милдетти чечүүнүн дагы бир негизги орду кошумча билим берүүчү мекемелерге берилет. Алар окуучулардын билиминин кеңейишине жана тереңдешине, алардын инициативасынын жана өз алдынчалуулугунун өнүгүшүнө, чыгармачылык активдүүлүгүнүн пайда болушуна, практикалык билим, билгичтигинин калыптанышына, көркөм табитинин тарбияланышына, фантазиясынын, элестетүүсүнүн ойгонушуна, дүйнөнү сезүү өзгөчөлүктөрүнө шарт түзөт. Чыгармачылык активдүүлүктүн өнүгүш жолу систематизацияланган билим, билгичтик, көндүмдөрдү алууда, аныкталган психологиялык-педагогикалык шарттарды эске алуу, алардын ичинен негизгилер катары окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн натыйжалуу түрлөрүн колдонуу аркылуу билим берүү процессин уюштуруу [3].

Демек, «чыгармачылык», «активдүүлүк» түшүнүктөрдүн маңызын талдоонун негизинде, бул изилдөөнүн базалык түшүнүгүнүн «окуучулардын чыгармачыл активдүүлүгү» аныкталды, биздин оюбузча окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө чыгармачылык ишмердүүлүктүн тажрыйбасы жардам берет, техникалык чыгармачылыктын ар кандай усулдарын колдонуу менен окуу жана практикалык маселелерди чыгаруу тажрыйбасы окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүп, ойлонуунун стереотиптүүлүгүн жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бердяев Н.А. Смысл творчества, философия творчества, культуры и искусства в 2-х томах т. 1. - М.: Искусство, 1994. – 542 с.
2. Гликман И.Э. Подготовка к творчеству: учебное исследование школьников // Методист. – 2007.

3. Евладова Е.Б. Возможности дополнительного образования по развитию интеллектуального и творческого потенциала детей //Дополнительное образование. – 2001. - №5. – С.4-7.
4. Ярошевский М.Г. Психология творчества и творчество в психологии. // Вопросы психологии. –1985. –№6. –С. 32-40.

**Рецензент: к.п.н., доцент Бектуров Т.М.**

УДК: 371.3 + 53 (07)

**Волик Наталья Николаевна, Джаманкулов Азамат Атагелдиевич**
магистрант кафедры физики и технологии ее обучения КГУ им. И.Арабаева

# ТЕРМОДИНАМИКА БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУДА ТРЕНИНГДЕРДИ ИШТЕП ЧЫГУУ ҮЧҮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ТЕХНОЛОГИИ РАЗВИВАЮЩЕГО ОБУЧЕНИЯ ДЛЯ ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ЗНАНИЙ, УЧАЩИХСЯ ПО ТЕРМОДИНАМИКЕ

# USING DEVELOPING EDUCATION TECHNOLOGY TO IMPROVE THE QUALITY OF KNOWLEDGE LEARNING IN THERMODYNAMICS

**Аннотация:** Макала келишимдер менен технологияны окутуу ыкмаларын жана педагогиканын ыкмаларын иштеп чыгуу, студенттер иш логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө салым кошуу демилгеси менен, көз каранды, жана натыйжада, мектеп токойчуга жүрүшүндө бөлүм "термодинамиканын" билимге дем жана сапатын жогорулатуу.

**Аннотация:** В статье рассматриваются технологии развивающего обучения, методы и приёмы из педагогики, содействующие развитию у учащихся логического мышления, активности, инициативы, самостоятельности, и как следствие, повышение мотивации и качества знаний по разделу «термодинамика» в школьном курсе физики.

**Annotation:** The article discusses the technologies of developing learning, methods and techniques from pedagogy that promote the development of logical thinking, activity, initiative, independence in students, and as a result, increase the motivation and quality of knowledge in the section «thermodynamics» in the school physics course.

**Негизги сөздөр:** термодинамика, өнүгүп келе жаткан билим берүү, ромашка Блум, "жука" жана "түнөргөн" маселелери, максаттары, ички энергия, жылуулук суммасы, энтропия.

**Ключевые слова:** термодинамика, развивающее обучение, ромашка Блума, «тонкие» и «толстые» вопросы, задачи, внутренняя энергия, количество теплоты, энтропия.

**Key words:** thermodynamics, developmental education, Bloom’s daisy, «thin» and «thick» questions, tasks, internal energy, amount of heat, entropy.

Для качественного обучения термодинамике важно не только создавать мотивацию к обучению, но и правильно подобрать методы и технологии обучения. Современная дидактика предлагает большой спектр методов обучения с различными задачами и формой